DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



*Маматжанова З.М.*

# ЖУРНАЛИСТИКА КЕСИБИНЕ ТАРЫХЫЙ СЕРЕСЕП

*Маматжанова З.М.*

# ИСТОРИЧЕСКИЙ ОБЗОР ПРОФЕССИИ ЖУРНАЛИСТИКА

*Z.M. Mamatjanova*

# HISTORICAL OVERVIEW OF THE PROFESSION OF JOURNALISM

*УДК: 070. (575.2)*

*Макалада журналистика кесибинин коомдогу орду, журналистика түшүнүгүнүн келип чыгышы, өнүгүшү, орду жана анын адамдардын жашоосундагы функциялары жана болочок журналисттерди даярдоодогу сапаттуулук тууралуу сөз болот. Журналистика - ар доордун негизги сапаттарынан көз каранды болгон. Ошол көптөгөн өзгөрүүлөргө кабылып отуруп, азыркы "кесипкөй кабарчылар" деп аталган журналистика келип чыккан. Кабардын коом үчүн мааниси жана зарылчылыгы кабар жараткан журналистти жана журналистиканы баалуу кылып келет. Экономикалык, саясий, техникалык жана маданий прогресс ар коомду мезгил мезгили менен ар кандай даражада өзгөрттү. Журналистика да бул өзгөрүүнүн алкагында пайда болуп, ошондой эле өнүгүү процессинде улам өзүн-өзү жаңылаган кесип болуп, коомду демократиялаштырууда негизги ролду ойной алды. Журналистика биринчи кезекте коомдук көрүнүш болгондуктан, ал туруктуу эмес, тынымсыз өзгөрүп турат, ошондуктан коом жана журналистика өз ара мамиледе болуп келишет.*

***Негизги сөздөр:*** *журналистика, журналистиканын тарыхы, коом, медиа, журналисттик кесипкөйлүк, журналисттик мектеп, журналисттерди окутуу, кабарчылык.*

*В данной статье рассматривается происхождение, развитие понятия журналистики, ее место и функции в жизни людей и качества подготовки журналистов. Журналистика отличается в зависимости от основных характеристик эпохи. Однако, в настоящее время журналисты больше известны как «репортеры». Репортажи очень важны для общества и необходимы и для журналистов и для журналистики, а также для общества. Экономический, политический, технологический и культурный прогрессы общества изменялись время от времени в разной степени. Журналистика, также является частью этой трансформации, а также обновляется в связи с процессом саморазвития профессии, и играет ключевую роль в демократизации общества. Журналистика в первую очередь всегда тесно связывается с обществом, и постоянно меняется, что и доказывает их взаимосвязанность. Журналистика, как вид профессиональной деятельности она отличается публичностью, массовостью, доступностью для всех активных граждан, плюралистичностью содержания, форм организации, стилей и т.п. Она получает особый статус и смысл в условиях глобализации и ускорения информационного процесса.*

***Ключевые слова:*** *журналистика, история журналистики, общество, медиа, журналистский профессионализм, журналистская школа, обучение журналистов, репортерство.*

*This article discusses the origin, development of the concept of journalism, its place and functions in people's lives and the quality of training journalists. Journalism differs depending on the basic characteristics of the era. However, nowadays journalists are better known as "reporters". Reporting is very important to society and is necessary for journalists and journalism, as well as for society. The economic, political, technological and cultural progress of society changed from time to time to varying degrees. Journalism is also part of this transformation, and is also updated in connection with the process of self-development of the profession, and play a key role in the democratization of society. In the first place, journalism is always closely connected with society, and is constantly changing, which is proved by their interconnecttedness. Journalism, as a type of professional activity, is distinguished by publicity, mass character, accessibility for all active citizens, plurality of content, forms of organization, styles, etc. It receives a special status and meaning in the context of globalization and acceleration of the information process.*

***Key words:*** *journalism, history of journalism, society, media, journalistic professionalism, journalistic school, training of journalists, reportage.*

**Журналистика жана коом.** Тарых боюнча коомдук турмуш тынымсыз өзгөрүп келет. Экономикалык, саясий, техникалык жана маданий прогресс ар коомду мезгил мезгили менен ар кандай даражада өзгөрттү. Журналистика да бул өзгөрүүнүн алкагында пайда болуп, ошондой эле өнүгүү процессинде улам өзүн-өзү жаңылаган кесип болуп, коомду демократиялаштырууда негизги ролду ойной алды. Коомдук-маданий, экономикалык, саясий, технологиялык өнүгүүлөр, өзгөрүүлөр журналистиканын пайда болушуна, калыптанышына жана өнүп-өсүүсүндө фактор

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



болгондугуна байланыштуу, журналистиканы баалоодо бул жараяндарды да камтуу зарыл. Журналистика биринчи кезекте коомдук көрүнүш болгондуктан, ал туруктуу эмес, тынымсыз өзгөрүп турат, ошондуктан коом жана журналистика өз ара мамиледе болуп келет. Журналистиканы коомдук мамилелерден жана баскычтардан бөлүп кароо, калыптандырган шарттардан, тарых жана коомчулуктан көз карандысыз бир көрүнүш катары баа берүү туура эмес.

Журналистиканын пайда болуусунун негизги максаты – адамдардын "кабардар болуу" каалоосу жана муктаждыгы болгон. Кабардын дүйнөдөгү саясий, диний, экономикалык, дипломатиялык, технологиялык ж.б. өзгөрүүлөргө тийгизген стратегиялык таасири журналистиканы ар доордо маанилүү кылып келет. Кабарчылык – ар доордун негизги сапаттарынан көз каранды болгон. Бирок ошол кабарчылык көптөгөн өзгөрүүлөргө дуушар болуп, азыркы "кесипкөй кабарчылар" деп аталган журналистика келип чыкты. Кабардын коом үчүн мааниси жана зарылчылыгы кабар жараткан журналистти жана журналистиканы баалуу кылып келет.

Кабарчылык кесипти адамзат тарыхында катчылар, кабар көгүчкөндөрү, саякатчы акындар, саякатчы дин кишилери, падышанын кабарчылары, чабармандар, почта аркылуу каттар, телеграммалар, баракчалар жана акырында журналисттер тарабынан аткарылган. Кабар жөнөтүү жана кабар алуу ыкмалары инсандык мамилелер жана коомдогу өзгөрүүлөргө көз каранды болуп, ооз эки тилден баштап жазуу, электрондук үн жана сүрөттү колдонуу, татаал спутник системаларын пайдаланууга чейин жетип, ушул күнүдөрдө да өнүгүп келүүдө.

Журналистика ар бир өлкөдө ар кандай жолду басып өткөн. Бул айырмачылыктар өлкөнүн коомдук, саясий жана экономикалык шарттарына көз каранды болгон. Бирок журналисттик кесиптин өзгөчөлүктөрү негизинен Америкадагы жана Батыш өлкөлөрүндөгү окуялардан келип чыккан. Бул контекстте журналистиканын кесип катары өнүгүүсү жана практикада колдонуу ыкмаларынын отурукташуусу Америкадан тарап, дүйнөлүк аренага чыккан. Журналистиканы негизи – кабар чогултуу ишмердүүлүгүндө баштапкы орган болуусу. Коомдогу өзгөрүүлөр алкагында журналистиканын аныктамасы да өзгөрүп, кеңейип, акырында журналисттик өздүк пайда болгон. Бул аныктамалардын негизинде журналистика негизинен, коомдун ичиндеги окуяларды маанилүүлүк жана кызыктуулук даражасына карай таап, тандап, аларды кабар катары иштеп чыгуу менен, коомчулукка маалымат берген жана коомдук пикир түзгөн кесип катары эсептелет. Бул жагдайда журналисттин жана анын иштеринин коомдук сапаты терең мааниге ээ.

Журналистиканын маанилүү экендигин көрсөткөн бир сапаты, анын функционалдуулугу. Журналисттер маалыматты коомдук шарттарга карай иштеп чыкканы менен, окуя жана феномендерди көпчүлүк түшүнгүдөй кылып жеткизгени менен функционалдуу мааниге ээ. Тарыхый процессте коомду курууда коомдук архитектор катары каралган жана стратегиялык милдеттерди аткарган журналисттер негизинен коомдук, саясий жана экономикалык бийликтердин басымына дуушар да болуп келген. Өнүгүү баскычында негизинен оппозиция, же болбосо тараптар болууну тандоо менен жүрүп келген.

**Журналистика кесиби – коомдук феномен катары.** Кесибинин жана коомчулуктун талап кылган миссиясын аткаруу үчүн журналист саясат, философия, идеология, жалпы эле коомдук өзгөрүүлөрдүн алкагында коомдук түзүлүштү түптөөдө чоң роль ойнойт. Журналисттер коомдогу өзгөрүүлөрдү байкоо, коомчулукка жеткирип берүү жана адаптациялоо сыяктуу жоопкерчиликтери бар. Бирок ошол эле учурда эки тараптуу мамиле бар, анткени журналисттик кесип да коомчулуктагы өзгөрүүлөрдөн көз каранды.

Инсан болуп жаралгандан кийин коомчулуктун тегерегинде болуп жаткандарды билүү, билгендерин ойлонуу жана дуушар болгон кызыктуу окуяларды башкаларга жарыялоо сыяктуу муктаждыктары бар. Инсандын бул кабар алуу муктаждыгы кабарлашуу системасынын жана журналистика кесибинин пайда болушуна эң чоң түрткү болгон. Кийинчерээк, коомдошуу күчөгөн сайын жана жаңы окуялар менен бирге кесип катары калыптанып калды.

Ар бир доордо маанилүү болгон коомдук феномендер кабарга мазмун жагынан жаңылыктарды кошуп, гезит жана журналистиканын өнүгүшүнө салымын кошкон. Согуштар, жаңы материктерди ачылуусу, колониализм, реформа кыймылдары жана коомдук чыр-чатактар кабарды коомчулуктун алдында маанилүү кылып көрсөттү. Кабардын жогорку мааниге ээ болуусу кабар жеткирүү менен алектенген адамдардын да наркын жогорулатты.

Журналистика жалпыга маалымдоо каражаттарынын өнүгүүсү менен бирге жаңы аспаптарга ээ болду. Ар бир жалпыга маалымдоо каражаттарынын өзүнүн кайталангыс структурасы негизделип, өнүгүп келе жатат. Журналистика кесибин пайда болуусу жана өнүгүүсү тууралуу айтуудан мурда "журналистика" түшүнүгүн түшүндүрүү керек. Журналист терминин биз качан гана гезиттер пайда болгондо гана колдоно баштадык. Гезиттерге чейин кабар топтоо жана маалымдоо ишин аткарган "кабарчылар" журналисттердин эволюциясындагы алгачкы формалар десек болот.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



Чындыгында кабарчылык кесибин сөз кылууда жана өнүгүүсүндө гезиттин чоң мааниге ээ болуусун, анын тарыхый жараянда башка жалпыга маалымдоо каражаттарынан мурда пайда болгонун айтуубуз керек. Убакыт өтүп, технология жана техника өнүгүп, гезиттен айырмаланган жана маалымат тараткан, маанай ачкан жана коомдук пикир жараткан башка жалпыга маалымдоо каражаттарынын (үналгы, сыналгы жана интернет) пайда болуусу журналистика түшүнүгүн кайрадан карап чыгууну талап кылууда.

Адамдар чогуу жашай баштагандан бери коомго кошулуу, чөйрө менен тил табышуу жана орток аңсезимге ээ болуу муктаждыктарын сезип келет. Адам биринчи кезекте табият менен, кийин башка адам менен, кийин коом жана бул коомдун башка коомдор менен болгон мамилелери ой өрүшүнүн кеңейүүсүнө алып келген. Ошондуктан коомчулуктун ар кандай көз караш жана диний ишенимдерге карата кабардар болуу жана коомдук пикир жаратуу муктаждыгы, бул максат менен иштелип чыккан эксперттик курал, каражаттардын колдонулушуна өбөлгө түздү. Гезит да өз кезегинде бул каражаттардан бири болуп саналат. Журналистиканын бир кесип катары жашаган жери, журналистиканын институту жана сакталуучу жери – гезиттер. Ошондуктан гезиттер журналистика кесибинин эволюциясын көрсөтүп турган витрина сыяктуу.

Бүгүнкү маалымат каражаттары ар түрдүү болсо да, гезит жалпыга маалымдоо каражаты катары да, Батыш демократиясы үчүн да аябай маанилүү.

Гезиттердин түзүлүшү, мазмуну, маалымдоодо эркиндик даражасы, окурманга жеткиликтүүлүгү сыяктуу маселелер ошол коомчулуктун негизги сапаттарын баалоо үчүн маанилүү маалымат болуп эсептелет. Буга чейин, бир гана аймактагы белгилүү окуяларды белгилүү чөйрөгө жеткирген кабарчы, гезиттин өнүгүүсү менен жалпыга маалымат берүү менен чектелбей, көңүл ачуу, маанай көтөрүү жана коомдук пикир түзүү ишин да аткарууда. Гезит жана жада калса журналист өзү да коомдук өзгөрүү жараянынын жемиши болуп саналат.

**Журналистиканын пайда болушу жана өнүгүүсү: тарыхый сереп жана баалоо.** Журналистиканын жана журналисттердин тарыхый процессте калыптанганын эске алып, төмөнкү жараяндын маанилүү экендиги аныктайбыз.

Журналистиканын пайда болгон жана өнүккөн учурдагы коомдук шарттарга баа берүү жана убакыт менен дуушар болгон өзгөрүүлөрдү серептөө үчүн, аны тарыхтын ичинде түзүлүшү жана иш-милдеттери менен бирге кароо керек.

Бул макаланын максаты басма сөз тарыхы болбосо да, журналистиканын эволюциясын аңдап түшүнүү үчүн белгилүү бир тарыхый көз караршты талап кылат. Журналистиканын пайда болушун, өзгөрүүсүн түшүнүү жана түшүндүрүү үчүн тарыхка кайрылып кетүү зарыл. Ал үчүн эң алгач коомдун кандай шарттарда кандай өзгөрүүлөргө дуушар болгонун түшүнүү керек. Журналистиканын пайда болушу, кесип катары калыптанышы жана өнүгүшү дүйнөдөгү коомдук, маданий, технологиялык жана экономикалык өзгөрүүлөр менен бирге талкууланганда гана туура болот.

Басып чыгаруу техникасы ойлоп табылгандан жана жайылгандан кийин илимий жана агартуучу иш-чаралар күчөп, Ренесанс, Реформа жана Француз Революциясы сыяктуу окуяларды жүзөгө ашырууга мүмкүнчүлүк жаралган. XV кылымда башталган Ренесанс кыймылы менен бирге, акыл, тажрыйба жүргүзүү ыкмасын колдонуу, ошондой эле стереотиптерге жана догматикалык ойлорго каршы болгон. Ал эми XVIII кылымда укук, дин таануу, мамлекеттик жана коомдук тартипте маанилүү өзгөрүүлөргө түрткү болот жана Агартуу доорун ачат.

Агартуу кыймылы алгач коомдук чөйрөсү өнүгүп жаткан жана демократиялашууда ийгиликке жетип калган Британияда башталат жана башка Европа өлкөлөрүнө жайылат. Ушул эле кыймыл Америкада да көз карандысыздык согушунун башталышына түрткү болот жана 1776-жылы 4-июнда жарыяланган "Көз карандысыздык жана адам укуктары тууралуу" декларация кабыл алынган.

Демократиялык укук катары маалымат алуу укугу, жалгыз гана эркин байланыш чөйрөсүндө орун алышы мүмкүн. Кабарлашуунун демократиялашуусу болсо, алгачкы кезекте коомчулуктагы ар бир адамдын жакынкы жана алыскы чөйрөсүндө болуп жаткан окуялардан, идеялардан жана ойлордон кабардар болууга, идеяларды жана маалыматты эркин баалоого жана маалымат булактарына тоскоолдуксуз жетүүнү талап кылат. Журналистика да ушундай эркин чөйрөдө гана пайда болуп, өнүгө алат.

Журналистикада эң маанилүү окуялардын бири албетте Француз Революциясы болгон. Ал Европанын коомдук, маданий жана экономикалык жактан өнүгүүсүнө өбөлгө түзгөн. Коомдук тартиптин өзгөрүүсүнө, жаңы ой жана эреже жоболорунун жайылуусуна, жаңы режимдин пайда болуусуна алып келген бул маалымат алуу эркиндиги, ой жүгүртүү эркиндиги, интеллектуалдык эмгектердин басымдан кутулуп, эркин журналисттердин өнүгүүсүнө салым кошкон. Ошондой эле бул доордо мамлекет жана улутчулдук түшүнүктөрү бир топ өзгөрүп, эски стереотиптер кыйрап, схоластиканын ордуна Реформа жана Ренесанс кыймылдары келет. Ошондой эле дипломатия маанилүү боло баштайт. Дипломатиялык өзгөрүүлөр менен бирдикте коомчулуктар өз аймактары жана өлкөсүнөн гана кабардар болбостон, бүт дүйнө жүзүнөн кабардар болууга кызыктар боло баштайт.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



XIX кылымда улуттук мамлекеттердин пайда болушу журналистика жаатына да таасири тиет. Мамлекет коомдук түзүлүшкө таасир тийгизе алган гезиттерди, улуттук аң-сезимди жаратуу жана ошол доордогу тартипти бекемдөө максатында колдоно баштайт. Ошентип ар дайым талкууланып келген бийлик - журналист мамилеси жаңы нукка ээ болду. Айта кетчү нерсе, ошол мезгилде гезиттер демократиялык баалуулуктардын коомчулукка сиңип кетүүсүндө чоң роль ойногон, төртүнчү бийлик катары азыркы мамлекеттердин маанилүү институтары катары орун алган.

Байланыш технологиясынын өнүгүшү менен, кагаздын арзан заттардан жасалышы, журналисттердин көптөгөн адамдарга жарнамаларды жеткирүү үчүн кылган иш-аракеттери жалпыга маалымдоо журналистикасын жаратат. Арзан гезиттер (penny press) гезиттин мазмунундагы революция жараткан бурулуш заманы болду. Ага чейин элитага саясий жана экономикалык маалымат сунуштаган гезиттер, эми көпчүлүктүн көңүлүн бура алган жашоонун дал ичинен окуялар (кылмыштар, соттор, адамдарга тиешелүү маалыматтар ж.б.) менен толот. Гезиттер XIX кылымда жалпыга маалымдоо каражаты катары күчүнүн туу чокусуна жетет. Ошол мезгилде таблоид, журнал, кызыктуу окуялар жана сенсация сыяктуу түшүнүктөр мааниге ээ боло баштайт.

Кейри (1989, 21 б.) кабарды тарыхтын белгилүү бир доорунда белгилүү бир топтогу маданияттын бир түрү катары аныктайт. Бул аныктамадан журналистиканын жана анын ыкмаларынын коомдогу үстөмдүк кылган маданиятка, коомдун мүнөздөмөлөрүнө ылайык өзгөргөнүн түшүнсөк болот.

Өнүгүү революциясы менен бирге коомдук жашоодо да маанилүү окуялар болуп, чоң фабрикалар ачылып, урбанизациянын пайда болушуна алып келди.Урбанизация менен бирге эски каада-салттар жана үрп-адаттар актуалдуулугун жоготуп, бетме-бет мамилелер азайып, массалык коомду көздөй өзгөрүп кеткен. Андай шарттарда илимий иш-чараларга инвестиция кылып баштайт.

Бул окуялардын негизинде Европа коомчулугу көйгөйсүз жашап калат, анткени экономика менен бирге саламаттык сактоо кызматы өнүгөт жана билим берүү мүмкүнчүлүгүн табышкан. Ошол эле учурда көп эл чогулган жерлерде саясий, коомдук жана экономикалык окуяларга болгон кызыгуу гезит жана журналисттердин наркын жогорулатат. Мындан тышкары, коомдо сабаттуулардын көбөйүшү гезит окурмандарынын санын да көбөйтөт.

Гезиттерди жана журналисттерди өнүктүрүүдө өзгөчө билим берүү системасынын модеринизациялоодо жана протестанттык Европанын Реформа кыймылынан кийинки сабаттуулуктун да таасири бар. Батышта билим берүү жана урбанизация жаңы бир коомдук тартипти түзгөн. Өсүп жаткан шаардык калк менен бирге гезиттер да шаар жашоосунан кабарларды жана кызыктуу окуяларды жарыялай баштайт. Ошондуктан коомчулуктун демографиялык түзүлүшү гезиттин жана журналистиканын өзгөрүүсүндө жана өнүгүүсүндө чоң мааниге ээ.

**Журналистикалык билим берүү процесси.** Убакыттын өтүшү менен капиталисттик экономиканын түзүлүшү, коомдук пикирдин жана басма сөздүн жогорку мааниге ээ болушу, басма сөздүн өндүрүш тармагы катары пайда болуусу жана тездик менен өнүгүүсү, практикалык окутуу зарылчылык көйгөйлөрү коммуникация билиминин жаралуусуна жана журналистикалык билим берүү мекемелерин, мектептерин ачууга өбөлгө түздү. Мындан тышкары, коомдук пикирди жаратуудагы жана коомчулукту демократиялаштыруудагы ролу менен бирге, коомду өзгөртүүгө өбөлгө түзгөн жана журналистиканын эркиндигин калыптандыра алган журналисттерди тарбиялап өстүрүүдө журналисттик билим берүү маанилүү болгон.

Дүйнөлүк аренада журналисттик кесипке даярдоонун интенсивдүү өнүгүүсү XIX кылымдын аягына туура келет. 1893-жылы АКШда Пенсилвания университетинде журналисттер үчүн биринчи жолу курс ачылып, кийин андай курстар Европанын көптөгөн мамлекеттеринде иштей баштады. 1904-жылы нью-йорктук гезиттик ишмер Джозеф Пулитцер эки миллион доллар өлчөмүндө материалдык жактан каржылоосу менен Колумбия университетинде журналисттердин колледжи ачылган. 1908-жылы Миссури университетинде журналистика институту ачылды.

Бул учурда журналистика чөйрөсүндө басылмаларды монополизациялоо процесстери күч алып, бул конкуренциянын, нусканын, прессанын санынын өсүшүнө өбөлгө болот. Мындай шарттар журналистикадагы кесипкөй кадрлардын жетишсиздигине алып келген.

Ошол күндөн бүгүнкү күнгө чейин, бул тармактын өнүгүүсү менен дүйнөдө жана Кыргызстанда журналистикалык билим берүү мекемелеринин (ЖОЖдордо факультеттер, атайын окуу курстары) саны тынымсыз көбөйүп келе жатат. Бул көрүнүш журналистикалык билим берүүгө болгон суроо-талаптын жогору экендигин көрсөтүп турат.

Цивилизациянын улам өнүгүүсүнө теңдешсиз салымын кошуп келе жаткан журналистика 2008-жылкы экономикалык жана финансылык глобалдык кризистен кийин эң кыйын учурларды басып өттү. Келечек үчүн көйгөйлөрдү жаратып, бул нерсе журналисттик билим берүүгө да таасирин тийгизбей кой-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



гон жок. 2012-жылы журналистиканын Европа борборунда (EIS) Ховард Фингберг айткандай: «Биз аудиторияда окутуунун формасын жаңыртууга мажбурбуз. Журналисттик билим алууну жеңилдетүү үчүн, жаңычылдыкты киргизүүбүз керек».

Борбор Азия өлкөлөрүн салыштырганда, Кыргызстанда сөз эркиндиги бар. Бирок, Кыргызстандын жарандары өз эне тилинде жакшы журналисттик материалдардарга ээ болуу мүмкүнчүлүктөрү чектелген. Бул нерсе кайра эле адисттерди даярдоодогу мүчүлүштүктөргө келип такалат. Көпчүлүк окуу жайларында журналистика адистиктери заманбап маалыматтык жана технологиялык өнүгүүлөрдөн артта. Анан да иштеген мугалимдердин жана журналисттердин көпчүлүгү СССР доорунда билим алган. Алардын окуу, билим жана колдонмо базалары эскирген, заманбап технология менен байланышкан онлайн билим алуу жөндөмүнө да ээ эмес.

Кыргызстанда жогорку окуу жайларындагы журналистика адистиктериндеги окуу программаларын, пландарын, алардын билимдерин жана өнүгүүсүн жакшыртуу максатында, окутуучуларга жардам берүү үчүн ар тараптуу стратегиялык план керек. Бул программанын жардамы менен, мугалимдер болочок журналисттерге жакшы билим берүү үчүн зарыл болгон тажрыйба алышат. Студенттер да тажрыйбалуу мугалимдердин жетекчилиги астында үйрөнөт жана журналистика бөлүмүнүн жакшы жабдылган лабораторияларында окутуу учурунда өздөрүнүн билимин пайдалануу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат. Натыйжада, бүтүрүүчүлөр медиа рынокто иштөөгө даяр болот.

**Адабияттар:**


1. Корконесенко С.Г. Преподавание журналистики в высшей школе / Учебное пособие. - СПб., 2015. - С. 27
2. Владимирова Т.Н. Дидактическая концепция профессиональной подготовки журналистов в высшей школе России: Дис. ... д-ра пед. наук. - М., 2015. - С. 5
3. Модель учебной программы по журналистике / Серия ЮНЕСКО по образованию для журналистов. - Б., 2017.
4. Абдиева Ч. Влиятельная телерадиокомпания города Ош. / Научный журнал «Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана», №6. - Бишкек, 2018. - С. 181-183
5. https://thediplomat.com/2019/05/how-can-native-language-journalism-in-kyrgyzstanimprove/?fbclid=IwAR17brYRZc k48fTSdDXcmv_YC_bbBc93UoJn4EmpaKk-LaIdf0jMpIFX4s **«The Diplomat»**